## Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу

*(2013-жылдын декабрь айы)*

Декабрь айында Финансы министрлигинде казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча бир аукцион өткөрүлгөн. Рыноктун катышуучулары тарабынан 220,0 млн. сом суммасында баалуу кагаздар алынып, бул көлөм өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 54,9 пайызга көбөйгөн. Сатуунун мындай көбөйүүсү коммерциялык банктар тарабынан жигердүүлүктүн жогорулоосу (мурдагыдай эле бир коммерциялык банк кыйла жигердүүлүктү көрсөткөн) шартында келип чыккан, ал эми институционалдык инвесторлор тарабынан кызыкчылык туудуру мурдагы деңгээлде калган.

Канаттаандыраарлык суроо-талаптын деңгээли 2,0 п.п. төмөндөп 33,3 пайызды түзгөн. Мында, баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда 13,4 пайызды түзүү менен 0,7 п.п. төмөндөгөн. Рыноктун катышуучулары тарабынан суроо-талаптын орточо аукциондук көлөмү 660,0 млн. сомду түзгөн.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде мамлекеттик казына облигацияларынын жүгүртүүдөгү көлөмү 5,7 млрд. сомго чейин көбөйгөн (+7,9 пайыз). Институционалдык инвесторлордун портфели үлүштүк мааниде 38,6 пайызды (-10,1 п.п.) түзүү менен 14,5 пайызга төмөндөгөн. Мында, коммерциялык банктардын үлүштөрүнүн 10,2 пайыздык пунктка көбөйүүсү (59,8 пайызга чейин) байкалган. Юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү өткөн айдагыдай эле 0,1 пайызды түзгөн.

Айдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик казына облигацияларынын баштапкы рыногундагы концентрациялануу индекси[1] 0,26 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп, рыноктогу бирдей үлүшкө ээ төрт инвесторлордун катышуусуна дал келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто мамлекеттик казына облигациялары менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

[1] Бул индекс банктар портфелиндеги баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээлин көрсөтөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейин маанилердин интервалында бар. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүштөгү эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.

**1-таблица. МКО кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор. | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Декабрь'2012 | 4 750 550,0 | 2 486 473,2 | 52,3% | 2 260 874,6 | 47,6% | 3 160,2 | 0,1% |
| Январь'2013 | 4 841 300,0 | 2 536 223,2 | 52,4% | 2 301 874,6 | 47,5% | 3 160,2 | 0,1% |
| Февраль | 4 955 200,0 | 2 650 123,2 | 53,5% | 2 301 874,6 | 46,5% | 3 160,2 | 0,1% |
| Март | 5 075 200,0 | 2 770 123,2 | 54,6% | 2 301 874,6 | 45,4% | 3 160,2 | 0,1% |
| Апрель | 5 089 700,0 | 2 784 623,2 | 54,7% | 2 301 874,6 | 45,2% | 3 160,2 | 0,1% |
| Май | 5 107 700,0 | 2 707 009,2 | 53,0% | 2 397 488,6 | 46,9% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июнь | 5 612 700,0 | 2 796 903,1 | 49,8% | 2 812 594,7 | 50,1% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июль | 5 728 700,0 | 2 796 903,1 | 48,8% | 2 928 594,7 | 51,1% | 3 160,2 | 0,1% |
| Август | 5 598 700,0 | 2 838 031,9 | 50,7% | 2 757 465,9 | 49,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Сентябрь | 5 720 480,0 | 3 012 511,9 | 52,7% | 2 704 765,9 | 47,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Октябрь | 5 437 480,0 | 2 627 076,6 | 48,3% | 2 717 403,4 | 50,0% | 3 000,0 | 0,1% |
| Ноябрь | 5 318 580,0 | 2 635 176,6 | 49,5% | 2 588 703,4 | 48,7% | 4 700,0 | 0,1% |
| Декабрь | 5 740 680,0 | 3 431 385,9 | 59,8% | 2 214 594,1 | 38,6% | 4 700,0 | 0,1% |